## Милдеттенмелерди жаңылоо чакырыгы: ЕККУ аймагында гендердик сезимтал парламенттерди куруудагы Хельсинки милдеттенмелери

Биз, ЕККУ аймагынын парламент мүчөлөрү, 2025-жылдын 3-4-июнунда Финляндиянын Хельсинки шаарында «*Парламент ичинде жана парламенттер аркылуу гендердик теңдикти илгерилетүү»* аттуу семинарда гендердик сезимтал парламенттерди түзүүдөгү прогрессти карап чыгуу максатында чогулуп, төмөнкүлөрдү тааныйбыз жана тастыктайбыз:

- Улуттук парламенттер — демократиянын фундаменталдык институттары катары саясатта, коомдук жана жеке турмуштун бардык тармактарында гендердик теңдикти илгерилетүүгө жана толук жүзөгө ашырууга өзгөчө макамга ээ. Парламенттердин бул маанилүү ролу эл аралык келишимдерде жана милдеттенмелерде бекем белгиленген. Алардын катарында, быйыл 30 жылдыгы белгиленип жаткан 1995-жылдагы Пекин Иш-аракеттер платформасы жана 2004-жылдагы Гендердик теңдикти илгерилетүү боюнча ЕККУнун Иш-аракеттер планы (Чечим №14/04) бар. Бул документтердин принциптери бүгүнкү күндө да биздин аракеттерибизге багыт берүүчү негиз болуп келет.
- *Гендердик сезимтал парламенттер* концепциясы — парламенттердин гендердик теңдикти илгерилетүү жана колдоо жаатындагы жоопкерчилигин эң толук чагылдырган түшүнүк болуп калды. Бул багыттагы аракеттерде эл аралык жана парламенттер аралык уюмдар негизги ролду ойношуп, далилдерге негизделген база менен бирге саясий алкактарды да түзүп, мындан аркы иш-аракеттерге өбөлгө түзүп келишет. 2022-жылы Кигали шаарында кабыл алынган Межпарламенттик союздун Декларациясы — парламенттердин бул күн тартибине карата глобалдык берилгендигин айкын эске салуучу маанилүү документ болуп саналат.
- Учурда көптөгөн өкмөттөр аралык уюмдар ресурстарды аялдардын парламенттик ишмердүүлүккө толук жана эффективдүү катышуусуна тоскоолдуктарды жоюуга жана мыйзам чыгаруучу органдардын гендердик паритет, гендердик теңдик жана гендердик сезимтал парламенттик көзөмөл саясатын ишке ашыруусун камсыз кылууга жумшап жатышат.

Акыркы отуз жыл ичинде биз парламенттерде гендердик теңдикти илгерилетүү жаатында болуп көрбөгөндөй прогрессти күбөсү болдук. ЕККУга мүчө мамлекеттер төмөнкүлөргө жетишти:

- Аял депутаттардын орточо үлүшүн үч эсеге көбөйтүп, учурда бул көрсөткүч 31,6%га жетти;
- Гендердик дискриминацияга каршы күрөшүү жана саясатты иштеп чыгуу менен чечим кабыл алуу процесстеринде гендердик маселелерди эске алуу максатында инновациялык гендердик теңдик мыйзамдары кабыл алынды;
- Гендердик теңдик жана аялдардын укуктарын ишке ашыруу боюнча жооптуу министрликтер, агенттиктер жана кеңештер күчөтүлдү;
- Саясатта эркектердин ашыкча өкүлчүлүгүн азайтуу жана узак мөөнөттүү гендердик тең салмактуулукка жетишүү максатында мыйзамдык гендердик квоталар жана партияларды гендер негизде каржылоону камтыган убактылуу атайын чаралар киргизилди.

Бирок, мындай аракеттерге карабастан, ЕККУ аймагындагы жылыш токтоп калды. Биз гендердик теңчилик чөйрөсүндө регрессиянын тынчсыздандырган белгилерин байкап жатабыз, ага каршы каршылык жана мобилизация күч алууда. Азыр мурдагыдан да күчтүү түрдө гендердик сезимтал парламенттерди өнүктүрүү бул терс тенденцияларга каршы туруу үчүн өтө маанилүү.

Ушуга байланыштуу, биз, ЕККУ аймагынын парламент мүчөлөрү, глобалдык гендердик сезимтал парламенттик күн тартибин кайрадан бекемдөөгө жана гендердик теңдикти башкаруунун туруктуу норма жана принциби катары кабыл алууга чакырабыз.

Биз ЕККУ өлкөлөрүнүн улуттук парламенттерин төмөнкү чараларды көрүүгө чакырабыз:

1. Жакынкы он жыл ичинде гендердик теңдикке жетишүү боюнча улуттук саясий милдеттенмени кабыл алып, аны өлчөмдүү жана реалдуу иш-аракеттер планы менен, ошондой эле кийинки үч шайлоо цикли үчүн өкүлчүлүк максаттары менен бекемдөө;
2. Ар бир парламенттик сессияда бардык кызыкдар тараптардын катышуусунда парламенттин негизги функциялары – өкүлчүлүк, мыйзам чыгаруу жана парламенттик көзөмөл боюнча гендердик теңдик канчалык деңгээлде эске алынганын баалоо максатында гендердик аудит жүргүзүү.
3. Гендердик аудиттердин жыйынтыктары менен сунуштарын көзөмөлдөө, парламенттин гендердик теңдикти камсыздоо боюнча иш-аракеттер планынын алкагында айкын өзгөрүүлөрдү жүзөгө ашыруу жана институционалдык реформалар процесси үчүн тең салмактуу гендердик курамга ээ жетекчилик тобун түзүү.
4. Парламентте гана эмес, саясий партияларда, ошондой эле улуттук жана субулуттук деңгээлдеги аткаруу жана өкүлчүлүк органдарында аялдардын саясий турмушка катышуусун жогорулатууга багытталган мыйзамдык реформаларды киргизүү.
5. Парламенттин бардык түзүмдөрүндө гендердик тең салмактуу өкүлчүлүктү колдоо жана мыйзам чыгаруу менен көзөмөлдөө процесстеринде гендердик сезимталдыкты жогорулатуу максатында парламенттик регламентти жана башка ченемдик базаларды үзгүлтүксүз карап чыгып, керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүү.
6. Парламенттин комитеттери жана башка тиешелүү органдардын ыйгарым укуктарын, ресурстарын, куралдарын жана мүмкүнчүлүктөрүн жыныска бөлүнгөн маалыматтарды колдонуу аркылуу бардык гендердик муктаждыктар менен көз караштарды эске алуу менен мыйзам чыгаруу жана көзөмөлдөө иштеринде күчөтүү.
7. Эркек саясатчыларды, анын ичинде парламент мүчөлөрүн, гендердик теңдик саясатын илгерилетүүдө жана гендердик паритетке жетүүдө аял лидерлери менен бирге жоопкерчиликти бөлүшүүчү өнөктөштөр жана өзгөрүүлөрдүн агенттери катары тартууга багытталган максаттуу программаларды иштеп чыгуу.
8. Саясатта аялдарга карата зомбулукту аялдардын катышуусуна негизги тоскоолдук катары таанып, аны алдын алуу жана күрөшүү үчүн комплекстүү, координацияланган саясий чараларды, санкцияларды, изилдөөлөрдү, окутууну, маалымдуулукту жогорулатуу жана отчеттуулукту камсыздоо механизмдерин колдонуу.
9. Парламентти жумуш орду катары таанып, иш менен жеке турмуштун тең салмактуулугун жана депутаттар менен кызматкерлердин камкордук милдеттерин колдогон маданиятты жайылтуу.
10. Гендердик теңдик саясатынын артыкчылыктарына жана гендердик багыттагы бюджеттөө боюнча эл аралык практикага ылайык республикалык бюджеттерди иштеп чыгуу жана аткарууну камсыз кылуу.

11. Парламенттик өкүлчүлүктө ар түрдүүлүккө жана инклюзивдүүлүккө өбөлгө түзгөн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү демилгелери аркылуу жаштардын, айыл жергесиндеги тургундардын, ден соолугу чектелген адамдардын жана улуттук-этникалык азчылыктардын өкүлдөрүнүн саясий катышуусуна тоскоол болгон кыйынчылыктарды аныктоо жана жоюу.
12. Улуттук жана глобалдык деңгээлдеги гендердик теңдикке тоскоол болгон тенденцияларды алдын ала аныктап, ага каршы аракет көрүү үчүн көзөмөл жүргүзүү, коммуникациялоо, маалыматтык-үгүт иштерин жүргүзүү жана стратегиялык саясий чараларды кабыл алуу менен активдүү күрөшүү; ошондой эле чыныгы теңдикке жетүүгө тоскоол болгон зыяндуу стереотиптер менен социалдык нормаларды үзгүлтүксүз жоюу иштерин жүргүзүү.

Бул милдеттенмелерде белгиленгендей, биз биргелешип, теңдикти жана көп түрдүүлүктү камтыган, ар бир жарандын укуктарын коргогон, аялдар менен эркектердин 50:50 паритетине умтулган жана муунуна же тек-жайына карабастан бардык жарандардын үнү угулуп, татыктуу өкүлчүлүккө ээ болгон парламенттерди түзүшүбүз зарыл.